## ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК:34.037**

***Амирова К.***
*аспирант Межд. универ. им. К.Ш. Токтомаматова, Кыргызская Республика*
***Оморова Г.***
*ст.преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯ ДООРУНДАГЫ ЭЛЕКТРОНДУК НОТАРИАТ

*Изилдөөнүн предмети - нотариалдык ишмердүүлүктү санариптештирүү менен байланышкан актуалдуу маселелер жана "электрондук нотариат" түшүнүгүн карап чыгуу зарылдыгы, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамды ишке киргизүү жагдайлары каралат. Изилдөөнүн максаты нотариалдык ишмердүүлүккө санариптик технологияларды киргизүү, акыркы жылдардагы бул жааттындагы жетишкендиктерди чагылдыруу боюнча иш-аракеттери көрсөтүлөт. Нотариат боюнча олутту таасирин тийгизет. Ченемдик платформаны тиешелүү түрдө оңдоп-түзөө менен мыйзам чыгаруучу нотариатты оптималдаштыруу, аны суроо-талапты камсыз кылуу жана жарандык укуктарды тийиштүү түрдө коргоонун кепилдигин сактоо менен нотариалдык кызматтарды көрсөтүү чөйрөсүндө ыңгайлуулукту жогорулатуу максатын көздөйт жана санариптик новеллалар талданып, алардын артыкчылыктары жана чектөөлөрү аныкталат. Жумушта баалуулугу заманбап нотариаттын активдүү моделин акырындык менен өнүктүрүү зарылдыгына, жарандык укуктук мамилелердин катышуучуларына кепилденген ар тараптуу жардам көрсөтүү максатында нотариалдык иш-аракеттерге жаңы формаларды жана технологияларды киргизүү зарылдыгына басым жасалган. Практикалык мааниси нотариат маалымат системасын санариптештирүүдөгү артыкчылыгын жана чектөөлөрүн оптималдаштыруу боюнча сунуштар менен камтылган, алар Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу жана ченем чыгаруу ишинде практикалык колдонууну таба алат жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептери, окуу куралдары жана окуу куралдарын даярдоодо, келечектеги илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө ошондой эле мамлекет жана укук теориясын, конституциялык укук жана башка укуктук дисциплиналарды окутууда колдонулушу мүмкүн.*

***Негизги сөздөр:*** *нотариат; электрондук форма; нотариаттын бирдиктүү маалымат тутуму; мыйзам; укуктук база; санариптик экономика; санариптик жарандык жүгүртүү.*

# ЭЛЕКТРОННЫЙ НОТАРИАТ В ЭПОХУ ЦИФРОВОЙ ТРАНСФОРМАЦИИ

*Предметом исследования являются актуальные вопросы, связанные с цифровизацией нотариальной деятельности и необходимостью рассмотрения понятия "электронный нотариат" условий реализации действующего законодательства Кыргызской Республики. Целью исследования - внедрение цифровых технологий в нотариальную деятельность, а также отражение достижений в этой сфере за последние годы. Скорректировав соответствующим образом нормативную базу, законодатель стерится повысить удобство в сфере предоставления нотариальных услуг с соблюдением гарантий надлежащей защиты гражданских прав и анализует цифровые новеллы, выявяет их премущества и ограничения. Ценность работы заключается в необходимости постепенного развития активной модели современного нотариата, внедрения новых форм и технологий в нотариальную деятельность в целях оказания гарантированной всесторонней помощи участникам гражданских правоотношений. Практическая ценность имеет рекомендатицию по оптимизации приимущества и ограничений цифровизации нотариальной информационной системы, которые могут найти практическое применение в законодательной и нормативной деятельности Кыргызской Республики, и могут быть использованы при подготовке учебников, учебных пособий для студентов высших учебных заведений, проведении будущих научных исследований, а также при преподовании теории государства и права, конституционного права и других правовых дисциплин.*

***Ключевые слова:*** *нотариат; электронная форма; единая информационная система нотариата; закон; нормативная база; цифровая экономика; цифровой гражданский оборот.*

## ELECTRONIC NOTARIAT IN THE ERA OF DIGITAL TRANSFORMATION

*The subject of the study are topical issues related to the digitalisation of notarial activity and the need to consider the concept of "electronic notariat" of the conditions of implementation of the current legislation of the Kyrgyz Republic. The aim of the study is to introduce digital technologies into notarial activities and to reflect the achievements in this field in recent years. The object of the study is digitalisation, which is firmly embedded in the structure of modern society, has a significant impact on the notariat. By adjusting the regulatory framework accordingly, the legislator seeks to increase convenience in the provision of notarial services in compliance with the guarantees of proper protection of civil rights and analyses digital novelties, identifies their advantages and limitations. The value of the scientific article lies in the necessity of gradual development of an active model of modern notariat, introduction of new forms and technologies in notarial activity in order to provide guaranteed comprehensive assistance to the participants of civil legal relations. Practical value have recommendations for optimising the advantages and limitations of digitalisation of the notary information system, which can find practical application in the legislative and regulatory activities of the Kyrgyz Republic and can be used in the preparation of textbooks, study guides for students of higher educational institutions, future research, as well as in teaching the theory of state and law, constitutional law and other legal disciplines.*

***Key words:*** *notariat; electronic form; unified information system of notariat; law; regulatory framework; digital economy; digital civil turnover.*

Санариптештирүү доорунда электрондук технологияларды өнүктүрүү мамлекеттик башкаруу органдарынын өнүгүүсүндөгү эң негизги багыт болуп саналат. Нотариат органы да өнүгүү жаатында четте калган жок. Чындыгында өнүгүү бир орунда турбайт, заманбап технологиялар сыяктуу эле азыркы жашоо дүйнөбүздө буга чейин болуп көрбөгөндөй аракеттерди жасоого болот, мисалы: адамдар менен аралыктан аракеттенүү, сүйлөшүүлөрдү уюштуруу, жумушчу жана окуу диципилиналарын өткөрүү, документтерди электрондук алып жүрүүчүлөргө которуу, электрондук кол тамгалардын жүгүртүлүшүнө киришүү жана башка. Санариптик тутумдардын жана технологиялардын өнүгүүсү менен нотариат органдарын өз милдеттин сапаттуу жүргүзүү, өркүндөтүү жана документтер менен иштөөдө маалыматтык технологияларды колдонуу болуп саналат.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда нотариат өлкөбүздүн ар тараптуу өнүгүүсүнө жараша өркүндөтүлүп жана модернизацияланып жатат. Нотариаттын бирдиктүү маалымат тутуму жөнүндө жобо жана нотариалдык документтердин бирдиктүү электрондук базасын жүргүзүү тартиби Юстиция министрлиги тарабынан бекитилет. Нотариаттын бирдиктүү маалымат тутумунда камтылган маалыматтарды коргоо Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар чөйрөсүндөгү жана электрондук башкаруу жөнүндө мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт деп көрсөтүлгөн [1]. Илимий жумушта "электрондук нотариат" түшүнүгүн мазмунун жана анын мыйзамдарга киргизүү иш аракеттерине кайрылабыз. Квентин Массис сүрөттөгөндөй калем жана пергамент менен куралданган нотариустун элеси артта калды. Заманбап коомдо нотариалдык архаикалык (эскирген) ыкмалары тездик менен алдыга умтулуп жаткан жарандык жүгүртүүгө туруштук бере албай калды. Нотариус анын катышуучулары тарабынан коюлган максаттарга жетүүдө "токтоп калуу" эмес, алардын укуктук коомдун прогрессивдүү өнүгүүсүн "улантуу", "кыймылдаткычы" болууга тийиш. Кыргыз Республикасында укуктук мамлекетти куруу жана жарандык кооду өнүктүрүү үчүн нотариаттын укуктук тутумдагы ордун жана ролун, анын жалпы мамлекеттик органдар жана укук коргоо органдары менен, атап айтканда укук тартибин камсыз кылуу, укуктарды жана эркиндиктерди коргоо үчүн өз ара аракеттенүүсүн теориялык жактан түшүнүү маанилүү принципиалдуу мааниге ээ [2].

Учурдун талабы менен технология дүйнөдө тездик менен өнүгүү жолунда. Инновациялык процесстер коомдун жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүнө олуттуу

таасирин тийгизип жатат. Өлкөбүздө электрондук документ жүргүзүүнү санариптештирүү жана кеңейтүү тенденциясы пайда болду, анын көрүнүштөрүн бири Кыргызстанда "электрондук нотариат" концепциясын ишке ашыруу болуп саналат. Нотариус ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатуу менен жарандык канааттану деңгээлин калкка көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатын жогорулатуу багытында маанилүү чараларды ишке ашыруу максаттында баарына маалым болгондой 2019-жылдын 20-сентябрында өлкөбүздө Юстиция министрлиги тарабынан Бишкек шаарынын аймагында тесттик режимде "электрондук нотариат" маалыматтык тутумунун долбоору Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын колдоосу менен ишке ашырылып, он эки мамлекеттик жана эки жеке менчик нотариус кошулган. Бүгүнкү күндө өлкөбүз боюнча мамлекеттик жана менчик нотариалдык мекемелер автоматташтырылган "электрондук нотариат" режимде иштейт. Электрондук нотариат маалымат системасын ишке киргизүү нотариустарга кайрылган кардар жөнүндө маалыматтарды аз убакыт ичинде алууга, ошону менен бирге "Түндүк" мекемелер аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу документтердин анык экендигин билүү мүмкүнчүлүгүн берет. Кардардын нотариалдык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон айрым мамлекттик органдардан маалымкаттарды (кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк жөнүндө, мүлккө камак салуунун жоктугу, үй-бүлөлүк абалы жөнүндө жана башка) берүү зарылдыгы болбой калат.

Нотариалдык бирдиктүү маалыматтык тутумуна көңүл бурсак, бул тутум катышуучулардын ортосунда санариптик өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Бирдиктүү нотариалдык маалымат тутумунда камтылган маалыматтардын айрым түрлөрүн жарыялоого эркин кирүү үчүнчү жактар үчүн юридикалык мааниге ээ [3]. Нотариалдык ишти санариптештирүү жөнүндө сөз кылуудан мурун, "электрондук нотариат" термини эмнени түшүндүрүшүн билүү керек.

В.В.Яковдун пикири боюнча: "Электрондук нотариат"- юридикалык жактан маанилүү маалыматтарды чогултуу, берүү жана сактоо боюнча иш-аракеттердин жыйындысы, ошондой эле нотариалдык иш-аракеттерди жүргүзүү жана мамлекттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүү, жалпы пайдалануудагы маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарды жана нотариустун электрондук-санариптик кол тамгасын колдонуу" [4]. Бул термин илимий жана окуу адабияттарында 2013-жылдан баштап пайда боло баштаган. Нотариалдык иш-аракеттерге маалымат технологияларды киргизүү жогоруда көрсөтүп кеткендей тесттик режимде 2019-жылы өлкөбүздө колдоно баштаган. Жогоруда токтолуп кеткендей 2019-жылдын 29-августундагы №434 Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтомуна ылайык нотариалдык документтердин бирдиктүү электрондук базасын жүргүзүү иш-аракетти киргизилген [5]. Ал эми 2023-жылы "Нотариат жөнүндө" мыйзамы жаңы кабыл алынып, нотариалдык иш аракеттерди жасоо механизми жөнүндө маалыматтарды камтыган. Нотариустардын алдында бүтүмдөрдү жана башка нотариалдык иш-аракеттердин катышуучуларына ар тараптуу, жардам көрсөтүү боюнча милдеттери коюлат, аларды жарандар жана юридикалык жактардын өкүлдөрү маалымкаттарды жана документтерди алуу үчүн ар кандай инстанцияларга кайрылуу зарылдыгынан бошотуу үчүн ишке бардык зарыл жагдайларды талап кылуу, алуу жана ар тараптан текшерүү боюнча ыйгарым укуктар берилмейинче мүмкүн эместиги баарыбызга маалым. Бул жөнөкөй эмес жагдай, анткени нотариалдык аракеттердин көбү кагаздардын түпнускалары изилдөөнү талап кылат. Мындай жагдайлар, байланыш каражаттарын, маалыматтык тутумдары жана тармактарды бардык жерде колдонуу нотариаттын өнүгүү процессине да таасирин тийгизди десек жаңылыштык болбойт.

Нотариус өзүнө карата нотариалдык иш-аракет жасалып жаткан жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн катышуучуларынын мыйзамдуу жүрүм-туруму үчүн зарыл шарттарды

камсыздайт, бул анын укук коргоо ишин көрсөтөт. Нотариус нотариалдык иш-аракеттердин катышуучуларынын укуктарын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон укуктук шарттарды толук камсыз кылууга милдеттүү. Ошол эле учурда нотариус өзү да өзүнө берилген ыйгарым укуктардын алкагында материалдык жана процесстик ченемдердин талаптарын аткарууга, пайдаланууга жана сактоого милдеттүү [6]. Ошондуктан азыркы учурда нотариат-санариптик технологияларды жигердүү ишке ашырып жаткан жана "маалыматтык коом" санариптик программасын ишке ашыруунун үстүндө иш алып барган кесипкөй коомчулук жана өзгөчө кырдаалдарга карабастан, жарандардын жана юридикалык жактардын мыйзамдуу таламдарына ылайык келүүгө тийиш. Нотариус үчүн электрондук документтер 2019-жылга чейин реалдуу эмес бойдон калган десек жаңылышпайбыз, № 434 Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтомуна ылайык нотариалдык документтердин бирдиктүү электрондук базасын жүргүзүү, нотариатты санариптештирүү жаатында төнкөрүлүш болду, өзгөртүүлөр электрондук формага жана маалыматтарды нотариустун санариптик кол тамгасын колдонуу менен бирдиктүү маалымат тутумуна өткөрүп берүү.

Жаңы мыйзам менен маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууга байланыштуу жаңы мүмкүнчүлүктөр жана ыйгарым укуктар белгиленген, нотариустун ишин учурда "нотариаттын бирдиктүү маалыматтык системасыз" элестетүү мүмкүн эмес. Бул мыйзам нотариус үчүн маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууга байланыштуу, нотариус тарабынан электрондук реестрлерди жүргүзүүдө, электрондук документтер түрүндө нотариалдык жол-жоболоштурулган документтерди түзүүдө маанилүү жаңылыктарды бекитти. Нотариаттын укуктук ишин мазмунунун көп аспекттүүлүгүн түшүнүүнүн иш-аракети катары аларды ар кандай абалдагы түзүлүш мүнкүнчүлүгүн алдын ала аныктоо зарыл [7]. Мына ушундан улам салттуу кылымдар бою түптөлгөн документ таануу тутумуна заманбап технологияларды киргизүү нотариалдык иш-аракеттердин ыкчамдуулугун жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Кыргызстанда электрондук нотариалдык системасы убакыттын жана жаңы технологиялардын талаптарына ылайык өзгөрөт.

Азыркы учурда өлкөбүздө ар бир нотариус электрондук кол коюу жана өлкөнүн электрондук нотариат бирдиктүү системасына мүмкүнчүлүгү бар. Инновациялык технологиялар жумуш агымдарын өзгөртүүгө убада берет, бирок ошол эле убакта алардын келиши менен сөзсүз тобокелдиктер жана татаалдыктар пайда болот. Мындай өзгөрүүлөр дүйнө жүзү боюнча адистерге, анын ичинде юристтерге жана нотариустарга квалификациялык талаптарды жогорулатууну камтый тургандыгын эске алуу керек. Санариптик чөйрөдөгү тез өзгөрүүлөрдөн улам, алар өнүгүп келе жаткан чындыкка көнүүгө мажбурлаган жаңы талаптарга туш болушат [8]. Бүгүнкү күндө толугу менен электрондук түрдө таризделген нотариалдык документтерге кыймылдуу мүлктүн күрөөсү жөнүндө билдирүүлөрдү каттоо жана кыймылдуу мүлктүн күрөөсү жөнүндө билдирүүлөрдүн реестринен көчүрмөлөрдү электрондук түрдө берүү кирет.

Мыйзамдардагы революциялык жаңылыктар электрондук документтердин кагаздагы документтерге барабарлыгын күбөлөндүрүү жана кагаздагы документтердин электрондук документтерге барабарлыгын кубөлөндүрүү сыяктуу нотариалдык аракеттерге айланды, бир эле учурда бирдей маанидеги күчкө ээ болгон эки түп нуска документти түзүүгө мүмкүндүк берет. Мындай нотариалдык иш-аракеттерди жасоо, мисалга алсак, документтерди бир региондон экинчи регионго жөнөтүү зарыл болгон убакытты жана башка чыгымдарды азайтуу үчүн өтө зор мааниге ээ. Нотариалдык иш кагаздарын жүгүртүүнү санариптештирүү келечекте: ал тиешелүү иш-аракеттерди жеңилдетип эле койбостон, тешелүү документердин ишенимдүүлүгүн жогорку деңгээлде камсыз кылат, мындан сырткары электрондук документ

жүгүртүү нотариус менен коомдук бийлик органдарынын ортосунда оперативдүү көп каналдуу кызматташтыкты түзөт.

Жогоркуда аталган нотариустун милдеттерине байланыштуу мыйзам ченемдүү суроо туулат: Мыйзам талаптарын иш жүзүндө ишке ашыруу мүмкүнбү?

Жыйынтыктап айтканда, азыркы нотариат Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп, аны башка институттары менен бирге жана бирдей негизде өнүгүп жатканын белгилегим келет. Биздин күнүмдүк иштерибиз иш жүзүндө санариптик чөйрөгө өткөндүктөн, нотариалдык мекемелер коомдун өнүгүүсүнөн артта калбашы керек. Санариптешүү процесси бизден технологиялык өнүгүүнү гана эмес, мыйзамдарды өркүндөтүүнү, стандарттарды шайкеш келтирүүнү жана жаңы реалдуулукта иштөөгө жөндөмдүү квалификациялуу адистерди даярдоону камтыган ар түрдүү мамилени талап кылат. Бул бирдиктүү стратегияны билдирет, ал учурдагы кыйынчылыктарды жеңүүгө гана эмес, санариптик чөйрөнү өнүгүүнүн жаңы деңгээлине алып чыгууга да мүмкүндүк берет.

## Жыйынтыктар:

1. Кыргыз Республикасындагы санариптештирүү процесси бизден технологиялык өнүгүүнү гана эмес, мыйзамдарды өркүндөтүү, стандарттарды шайкеш келтирүү жана жаңы реалдуулукта иштөөгө жөндөмдүү квалификациялуу адистерди даярдоону камтыган комплекстүү мамилени талап кылат. Бул учурдагы кыйынчылыктарды жеңбестен, санариптик чөйрөнү өнүгүүнүн жаңы деңгээлине алып чыгуу комплекстүү стратегия белгиленген;

2. Санариптештирүү экономикалык, ошондой эле мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө өркүндөтүүнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. Заманбап технологияларды киргизүү нотариат органдары үчүн ишти оптималдаштырууга жана иштин сапатын жакшыртууга, жеке жана юридикалык жактар үчүн жашоо шартын жакшыртууга өбөлгө түзөөрү белгиленген;

3. Нотариалдык санариптештирүү – бул аны сактоого жана абалын бекемдөөгө жол болуп саналат. Нотариалдык иш аракеттер жарандык карым-катнаштын туруктуулугун. Социалдык-экономикалык өнүгүүнү, жарандардын жана юридикалык жактардын коопсуздугун жана кызыкчылыктарын сактоону камсыз кылуунун маанилүү инструменттеринин бири экендигин аныкталган.

## Адабияттар тизмеси:


1. Кыргыз Республикасынын мыйзамы нотариат жөнүндө 2023-жылдын 9-марты №54 [Электронная ссылка https://cbd. minjust. gov.kg/112540 /edition /1244951/kg Загл. с экр.].
2. **Амирова, К.А.** Кыргыз Республикасында Нотариустун ишинин жалпы теориялык жана укуктук аспекттилери [Текст] / К.А.Амирова // Наука.Образование.Техника. - Ош: КУМУ, 2023. - №1. - С. 157-163.
3. Настольная книга нотариуса [Текст] / Под ред. И. Г. Медведева. - М.: Статут, 2015. - Т.1.- 414 с.
4. Нотариальное право [Текст]: учебник / Под ред. проф.В.В. Якова.-М.: Статут, 2017.- 576 с.
5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-августундагы №434 токтому Нотариалдык документтердин бирдиктүү электрондук базасын жүргүзүү тартиби.
6. **Дуйсенов, Э.Э.** Формы правовой деятельности нотариата в Кыргызстане [Текст] / Э.Э,Дуйсенов, К.А.Амирова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУМУ, 2023.-№1.- С. 163-169.
7. **Яценко, Я.В.** Цифровизация нотариата в Российской Федерации [Текст] / Я.В. Яценко // Молодой ученый, 2024.- №4(503). - С.377-381.
8. **Амирова, К.А.** Нотариаттын укуктук ишинин теориясы [Текст] / К.А.Амирова, М.Н.Пазылова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУМУ, 2023. - №2. - С. 250-256.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.424

Поступила в редакцию: 11.03.2024 г.